# «Аялзат»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Пирматова Венера

Ааламдын көркү аялзат,

Периште сындуу татына.

Тукумун улайт адамзат,

Баш ийип аял затына.

Үйүңдүн куту аялзат,

Береке турган төгүлүп,

Жүрөгү таза аялзат,

Жүзүнөн сүйүү көрүнүп.

Кең пейил келет аялзат,

Ааламды турган батырып,

А бирок кээде табышмак,

Ичинде сыры катылып.

Аруужан келет аялзат,

Сүйүүнү бекем сактаган.

Аяр жан келет аялзат,

Сүйгөнүн сыйлап барктаган.

:Жарыгың шамың аялзат,

Эне,кыз,жарың аялзат.

Мээрими менен теңдешсиз,

Сактаган баарын аялзат.

Тынчтыкты сүйөт аялзат,

Эл үчүн күйөт аялзат.

Ааламда теңдик болсун деп,

Бар күчүн үрөйт аялзат.

: Жарыгы күндөй аялзат,

Сезими гүлдөй аялзат.

Жашоону турган жаңыртып,

Жаздагы бүрдөй аялзат.

Лариса Асанбекова